КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

**Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгы**

каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

**50016-3301-М-е**
каттоо номери

**23358773**
ИУЖК коду

**41009200310185**
идентификациялык салык номери

**Бишкек**
шаары

**2022-ж. 15-декабры**

**Юридикалык жактын фирмалык аталышы**
«Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси

**Уюштуруучулук-укуктук формасы**
Мекеме

**Жайгашкан жери (дареги)** Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ала-Тоо ж/к, Ала-Тоо көч., 51/1-үй.

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы**
10.09.2003-ж.

сериясы **ЮЖМКК**

№ 0057437

**Начальник**
жетекчи

**В. М. Жумабаева**
аты, фамилиясы

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
Юридикалык жак мамлекеттик кайра каттоодон
20___ж. "___" ___ өткөрүлдү
№ ___ күбөлүк
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
Произведена государственная перерегистрация юридического лица
«15» 12 2022 г.
Свидетельство № ГПю 0057437
Дата первичной регистрации «10» 09 2003 г.

**БЕКИТИЛДИ**
**Бишкек шаарынын мэриясынын**
**Билим берүү башкармалыгынын**
**«23» 11 2022-ж. № 344 буйругу**

# “Бишкек шаарынын Ленин районунун № 82 жалпы билим берүү орто мектеби” мекемесинин

# У С Т А В Ы

**Бишкек 2022**

Сканировано с CamScanner

**“Бишкек шаарынын Ленин районунун № 82 жалпы билим берүү орто мектеби” мекемесинин Уставы**

## 1. Мекеменин фирмалык аталышы. Юридикалык дареги жана иштөө мөөнөтү.

1.1 “Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү орто мектеп” мекемеси башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүүчү уюму болуп эсептелинет.

1.2 Мекеменин толук аталышы:

Мамлекеттик тилде: “Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү орто мектеби” мекемеси.

Расмий тилде: Учреждение «Средняя общеобразовательная школа № 82 Ленинского района города Бишкек».

Мекеменин кыскартылган аталышы:

Мамлекеттик тилде: “Бишкек ш. Ленин р. № 82 ЖББОМ” М-си.

Расмий тилде : У-е «СОШ № 82 Ленинского р. г.Бишкек».

1.3 Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ленин району, Ала-Тоо конушу, Ала-Тоо көч.51/1.

1.4 Уюштуруу-укуктук формасына ылайык, “Бишкек шаарынын Ленин районунун № 82 жалпы билим берүү орто мектеби”- (мындан ары № 82 ЖББОМ) ыкчам башкаруу укугуна негизделген муниципалдык билим берүү мекемеси болуп саналат, ал жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн программаларын ишке ашырат.

1.5 №82 ЖББОМнин Уюштуруучусу Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү Башкармалыгы болуп саналат.

1.6 №82 ЖББОМнин иштөө мөөнөтү чектелбейт.

## 2. № 82 ЖББОМнин Юридикалык статусу.

2.1. № 82 ЖББОМ өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналат. № 82 ЖББОМ Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын, башка укуктук-ченемдик актылардын жана ушул Уставдын негизинде иш алып барат.

2.2. № 82 ЖББОМнин менчик формасы - муниципалдык.

2.3. № 82 ЖББОМ карамагындагы өздүк акча каражаттарды пайдалануу боюнча милдетүү түрдө жооп берет. Мүлктүн менчик ээси № 82 ЖББОМ акча каражаттардын жетишсиздиги боюнча субсидиалык жоопкерчиликти мойнуна алат.

2.4. № 82 ЖББОМ үзгүлтүксүз билим берүү тутумунун негизги звеносу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында аныкталган жарандарына кепилденген милдеттүү жана акысыз жалпы билим берүүнү жүзөгө ашырууга шарт түзөт.

2.5. №82 ЖББОМ өз атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды алууга, милдеттенмелерди алууга, келишимдерди түзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болуп чыгууга укуктуу. Оперативдүү башкаруунун негизинде өзүнчө мүлккө ээ. Активдери,

Сканировано с CamScanner

көзкарандысыз балансы, финансы-кредит мекемелеринде эсептешүү жана башка эсептери болушу мүмкүн.

2.6. № 82 ЖББОМ өзүнүн белгилери бар расмий мөөрү, штамптары жана бланктары бар. Мөөр, штамптар, фирмалык бланктар Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан аныкталган жана бекитилген формага ээ жана № 82 ЖББОМке таандык аталышын камтыйт. Мөөр № 82 ЖББОМтин директорунда сакталат.

## 3. № 82 ЖББОМтин ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ИШТЕРИ ЖАНА МАКСАТТАРЫ.

3.1. № 82 ЖББОМтин максаты деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.

3.2. № 82 ЖББОМнин ишмердүүлүк предмети болуп жалпы билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу болуп саналат.

3.3. № 82 ЖББОМнин төмөнкү билим берүүнү ишке ашырат:

-жалпы билим берүү программалары;

-кошумча билим берүү программалары, анын ичинде ыктыярдуу акы төлөнүп окутууну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ыктыярдуу (келишим) негизде ишке ашырылат.

Кошумча билим берүү программаларынын түрү, формасы жана кызматы, анын ичинде, акы төлөнүп окутуу дагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

3.4. № 82 ЖББОМнин милдеттери:

-негизги жалпы билим берүү программаларын сапаттуу өздөштүрүүнү камсыздоо;

-окутуу иш-аракеттерине эң жөндөмдүү, таланттуу өзгөчөлөнгөн окуучуларды аныктоо;

-инновациялык окутуу методдорун жана технологияларын колдонуу аркылуу окуучулардын өз алдынча таанып билүү иш-аракеттерин жана чыгармачыл жөндөмдөрүн өркүндөтүү;

-педагогдордун чыгармачыл ишкердүүлүгүн жана профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн, жалпы билим берүү процессинде ата-мекендик, чет элдик алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонуу;

-окуучуларды колледждерге жана ЖОЖго окуусун улантууга багыттоо.

3.5 Максаттарга жана милдеттерге жетишүү үчүн № 82 ЖББОМ төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

-билим берүү жана тарбиялоо ишкердүүлүгү мектептин Уставынын негизинде окуучуларга тарбия жана билим берүү ишин жүргүзүү укугуна ээ;

-билим берүү жана тарбиялоо процессинде методикалык камсыздоону уюштуруу жана өркүндөтүү;

-мамлекеттик билим берүү органдары тарабынан аныкталган стандарттарга ылайык билим берүү программаларын жана пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү;

Сканировано с CamScanner

- ушул Уставда каралган милдеттерди ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык базаны түзүү жана өркүндөтүү, тактап айтканда: материалдык-техникалык камсыздоо жана окутуу-тарбиялоо процессин жакшыртуу максатында бөлмөлөрдү жабдуу, билим берүү процессинин маселелеринин бардык комплексин ийгиликтүү чечүү үчүн шарттарды түзүү;
-№ 82 ЖББОМ жаратуу максаттарына жооп бербеген иш-аракеттер менен алектенүүгө укугу жок.

## 4. ИШКЕРДҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

4.1. № 82 ЖББОМ иши төмөнкү принцептерге негизделет:
-республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
- гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;
- жарандуулук жана патриоттук;
- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- окутуунун динден тышкары мүнөзү;
- академиялык эркиндик жана ак ниеттик;
- жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук.

4.2. №82 ЖББОМ уюштурууну жана окутуу-тарбиялоо процессин камсыздоо боюнча кесиптик окуу жайлары менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдик негизде кызматташууну жүзөгө ашыра алат.

4.3. № 82 ЖББОМ жогоруда аталган максаттарга жетүүдө билим берүү процессине аймактык жана социалдык маданий мүмкүнчүлүктөрдү жана жогорку илимий-усулдук базаны, окутуу-усулдук камсыздоолорду жана педагогикалык жамаатты билим берүүнүн ишмердүүлүктөрүндөгү жаңы технологияларды түзүү жана жайылтуу боюнча иштерге катыштырууну камсыздайт.

## 5. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИ

5.1. №82 ЖББОМ билим берүү процессин жалпы билим берүү программаларынын дэңгээлдерине ылайык, билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:
- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл);
- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл);
- жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл).

5.2. Окуу планы, баалоо системасын тандоо, окуучуларды аттестациялоонун аралык мезгилдери, тартиби жана формалары, билим берүү процессинин технологиялары мектептин усулдук кеңешмесинде каралып, директордун буйругу менен бекитилет.

5.3. № 82 ЖББОМ окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана мамлекеттин алдында сапаттуу билим берүү, тарбиялоо боюнча инсандын конституциялык укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн жоопкерчиликти алат.

5.4. № 82 ЖББОМте окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

5.5. Окутуу жумалыгы жана академиялык сааттын узактыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү сферасынын мыйзамдарына ылайык, бекитилет.

5.6. Ар бир класста жыйынтык жүктөм Кыргыз Республиккасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жыл сайын бекитилген Базалык окуу планына ылайык максималдуу мүмкүн болгон жүктөм түзүлөт.

Сканировано с CamScanner

5.7. Окуу жылынын узактыгы I-II-III баскычтарда-мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын мезгилин эске албаганда – 34 жуманы түзөт, ал эми биринчи класста- 33 жуманы түзөт.

5.8. Окуу жылы ичиндеги каникулдардын узактыгы 30 календардык күн, жайында - 14 календардык жумадан кем эмес болот. Биринчи класстар үчүн окуу жылдын ичинде бир жумалык кошумча каникул берүү бекитилген.

5.9. Жылдык окуу программасы Уюштуруучунун макулдугу менен жалпы билим берүү мекемеси тарабынан бекитилет.

5.10. Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат. Өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун кийинки классында (баскычында) окуусуна жол берилбейт.

5.11. Жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана жалпы билим берүү уюмунун уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары жалпы билим берүү уюмунан чыгарууга жол берилет. Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат. Жетим балдарды жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

5.12. Класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана санитардык-тазалык эрежелери менен класстардын толукталышынын чектүү ченемдердин негизинде жалпы билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.

## 6. ОКУУ-ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

6.1. № 82 ЖББОМ окутуу-тарбиялоо процессин оптималдуу уюштурууну тандоо эркиндигине ээ.

6.2. Орто мектептин программасы боюнча даярдык деңгээли жөнүндө көчүрүү экзамендери жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун жыйынтыгына макул эмес болгон ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) кайрылуусун карап чыгуу үчүн, мектептин директору тарабынан көз карандысыз аттестациялык комиссия кайрадан түзүлөт жана бекитилген жаңы көз карандысыз аттестациялык комиссия чечет.

6.3. Орто мектептин бүтүрүүчүлөрү IIчи жана IIIчү деңгээлди ийгиликтүү аяктоодо билимин тастыктаган мамлекеттик үлгүдөгү документтерге ээ болушат.

6.4. Орто мектеп окуучуларын акысыз медициналык тейлөө орто мектептин штаттагы медициналык кызматкери тарабынан жүргүзүлөт. Медициналык кызматкер орто мектептин администрациясы сыяктуу эле окуучулардын ден соолуктарына, санитардык-гигиеналык нормаларды сактоосуна жана сапаттуу тамактануусуна баардык окуу процессинде жооп беришет.

Сканировано с CamScanner

6.5. № 82 ЖББОМде окуучуларга ысык тамак уюштуруу, мектептин ашканасы аркылуу уюштурулат (социалдык стандарттагы бөлмө).
6.6. Социалдык абалына байланыштуу иштеген 10-11-класстар үчүн кечки (сырттан окуу) окутууну уюштуруу.

## 7. № 82 ЖББОМкe ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ АТТЕСТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ТАЛАПТАР.

7.1. Орто мектепке окутуу жана тарбиялоо үчүн кабыл алуу орто мектептин директорунун буйругу менен жүргүзүлөт. Окуучуларды кабыл алуу жана чыгаруу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, билим берүү жана илим боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынган көрсөтмөлөр менен жөнгө салынат.
7.2. Биринчи класска кабыл алуу 6-7 жаштагы курактагы балдардан туруп, окуунун узактыгы бир окуу жылы болуп эсептелинет.
7.3. № 82 ЖББОМ окуучуларынын контингентин окутуунун баардык мөөнөтүндө сактоого жоопкерчиликти алат.
7.4. Окуучулардын дал келген даярдыгын эске алып жана бош орундарга окуу жылы ичинде кабыл алуу комиссиясы каалаган класстардын бош орундарына окуучуларды кабыл ала алат.
7.5. № 82 ЖББОМ кабыл алынган окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) орто мектептин Уставы, билим берүү жана тарбиялоо процессин жөнгө салуучу бардык мектептин документтери менен тааныштырууга милдетүү.

## 8. ОКУТУУ-ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНИН КАТЫШУУЧУЛАРЫ, АЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

8.1. № 82 ЖББОМтин окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) жана мектептин педагогипкалык кызматкерлери эсептелет.
8.2. № 82 ЖББОМ өзүнүн максаттарына жетишүү үчүн төмөнкү функцияларды аткарууга укуктуу:

- Чыгашалардын сметасын өз алдынча иштеп чыгып, бекитип жана тиешелүү түрдө өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
- Өзүнүн материалдык-техникалык, каржылык жана кадрдык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- Кыргыз Республиккасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген базалык окуу планынын негизинде мамлекеттик билим берүү программаларын иштеп чыгып жана ишке ашырууга;
- Кыргыз Республиккасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына ылайык окутуунун жана тарбиялоонун формаларын, усулдарын жана каражаттарын пайдаланууга жана тандоонун өз алдынчалуулугуна;
- Кыргыз Республиккасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык баалоо системасы, окуучулардын аралыктык аттестациялоонун мезгилин, формасын жана тартибин тандоодогу өз алдынчалуулугуна;

Сканировано с CamScanner

- Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин регламенттөөчү актыларына ылайык, билим берүү уюмунун мөөрү басылган билим берүү деңгээли жөнүндөгү үлгүдөгү документ берүүгө;

- Кошумча билим берүү программаларын жана кошумча билим берүү кызматтарын жана билим берүү программаларынын аныктаган макамдын чегинен сырткары, анын ичинде билим берүү процессин жана имаратты кармоодогу (билим берүү кызматтарынын түрлөрү жана формалары анын ичинде акы төлөнүүчү) кызматтарда;

- Ассоциациаларга жана башка коомдук уюмдарга кирүүгө, анын ичинде эл аралык уюмдарга жана алардын ишмердүүлүгүнө катышууга;

- КР мыйзамдарына каршы келбеген ассоциацияларды түзүүгө жана алардын ишмердүүлүгүнө катышууга, анын ичинде билим берүүнү жакшыртуу жана өнүктүрүү максатында мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүнө катышууга.

8.3. № 82 ЖББОМ милдеттүү түрдө камыздоого милдеттүү:

- Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы билим берүүдө сапаттуу окутууга;

- Билим берүү процессин уюштуруунун формаларын, усулдарын жана каржаттарын психологиялык курактык өзгөчөлүктөрдү, жөндөмдөрдү, шыктарды, мүмкүнчүлүктөрдү, кызыгууларды жана окуучулардын саламаттыгы жана жашоону коргоо талаптарын эске алуу менен адекваттуу колдонууга;

- Санитардык-гигиеналык нормаларды сактоого;

- Окуучуларга сергек жашоо образына жана санитардык-гигиеналык тарбиялоого үгүттөөнү.

8.4. Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук көрсөтүүчү усулдарды колдонууга жол берилбейт.

8.5. № 82 ЖББОМде саясий партия, коомдук саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана ишмердүүлүк жүргүзүүгө жол берилбейт.

8.6. Окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана партияларга кирүүгө мажбурлоого, андан сырткары бул уюмдардын ишмердүүлүктөрүнө жана үгүттөө компанияларга жана саясий акцияларга тартууга тыюу салынат.

8.7. Орто мектептин окуучуларынын укугу:

- билим берүүнүн ар кандай баскычында билим берүү мекемесине кабыл алуу жана билим берүү формасын тандоого;
- милдеттүү жана акысыз орто билим берүү, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде акысыз жалпы орто билим алууга;
- кошумча билим алууга жана анын ичинде акы төлөнүүчү билим алууга;
- № 82 ЖББОМ китепкананы, маданий, спорттук жана өндүрүштүк базаны пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан белгиленген тартипте бекер тамактанууга, медициналык жардам алууга.
- ушул Устав аныктагандай, жалпы билим берүүнүн башкаруу формаларына катышууга;
- № 82 ЖББОМ нын ишкердүүлүгүнө катышууга жана уюштурууга;

Сканировано с CamScanner

- адамдын кадыр-баркын, абийирин жана маалымат эркиндигин урматтоого, өз көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө;
- жалпы билим берүү уюмунда жана анын ичинде коопсуздук тутумун уюштуруу аркылуу коопсуздугун камсыздоо;
- негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнү аяктагандан кийин мамлекеттик стандарттагы билим жөнүндөгү документтерди өз убагында алууга;

8.8. Окуучулардын милдеттери:
- Жалпы билим берүү мекеменин Уставын аткарууга жана сактоого;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү;
- Жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысы жана кадыр-баркын, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган башка улуттардын жана кыргыз элинин каада-салтын сыйлоого;
- Жалпы билим берүү уюмунун ички тартибин, анын ичинде мектеп кийимдерин сактоо боюнча талаптарын аткаруу;
- Жалпы билим берүү мекемесинин мүлкүнө аяр мамиле жасоого;

8.9. Окуучуларды коомдук уюмдарга мүчө болуп кирүүгө мажбурлоого, ошондой эле аларды ушул уюмдардын иштерине тартууга жана үгүт иштерине, компанияларына аралашуусуна тыюу салынат;

8.10. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүгө укуктуу:
- балдарды окутуунун кайсы этабында болбосун, башка жалпы орто билим берүүчү мекемелерди тандаганга, билим алуунун каалаган формасын тандаганга;
- мамлекеттик жалпы стандарттар боюнча жалпы орто билим алууда окуучулардын укугун коргогонго,
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргогонго;
- Уставда аныкталган формада жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышканга;
- балдарды окутуу жана тарбиялоо маселеси боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү аймактык башкармалыгына кайрылууга укуктуу.

8.11. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлчүлдөрү) милдеттүү:
- баланын билим алышына керектүү шарттарды түзүүгө;
- баланын физикалык жана психикалык жактан ден соолугуна кам көрүүгө;
- баланын адамдык касиетин урматтоого, баланы улуттук, тарыхый, маданий – рухий баалуулуктарга жана баардык элдердин салттарын сыйлоого, айлана-чөйрөнү, Мекенди сүйүүгө тарбиялоо;
- мектептин Уставындагы өзүнүн укуктарын жана милдеттерин аткаруу, кокус балдар тарабынан билим берүүчү мекемеге зыян келтирилген болсо, Кыргыз Республикасынын мыйзамынын чегинде жоопкерчилик тартууга;

8.12. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) кээ бир укуктары жана милдеттери билим берүүчү мекеменин келишиминде түзүлгөн мыйзамдын негизинде бекитилиши мүмкүн.

8.13. Орто мектептин персоналын комплектөө мектептин Уставы боюнча регламенттелет. Педагогикалык кызматка педагогикалык мүнөздөмөнүн талаптарына дал келген, адистиги жана билим тууралуу документтер менен тастыкталган тиешелүү педагогикалык квалификациясы бар кадрлар кабыл алынат.

8.14. Педагогикалык жумушка мурда соттолгон же Кыргыз Республикасынын мыйзамынын тизмесинде көрсөтүлгөн медициналык терс көрсөтмөсү бар жактар кабыл алынбайт.

Сканировано с CamScanner

8.15. Кызматкер менен мектептин администрациясынын ортосундагы мамилелер Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынат. Эмгек келишиминин мөөнөтү кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан аныкталып Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык түзүлөт.

8.16. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:

- окуучулардын билимин баалоо ыкмасын, окуу-усулдук комплектисин, жалпы билим берүү программасын, окутуу-тарбиялоо ыкмасын колдонууну өз алдынча тандоого;
- окутуу жана тарбиялоо ыкмаларын, мамлекеттик жалпы билим берүү стандарттарынын негизинде окутуу усулдук колдонмолорду жана окуу китептерин, автордук жалпы билим берүү программаларды пайдаланууга,
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны иш жүзүндө колдонууга;
- өзүнүн жана кесиптик ар-намысын коргогонго;
- профессионалдык ишмердүүлүгүнө керектүү шарттарды түзүүнү талап кылууга;
- өзүнүн профессионалдык деңгээлин жана квалификациясын көтөрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз каалоосу менен аттестациядан өтүүгө;
- №82 ЖББОМнин Уставында көрсөтүлгөндөй мектептин башкаруу ишине катышууга;
- жергиликтүү өз-алдынча башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бекиткен, кошумча социалдык кепилдикке ээ болууга;

8.17. Мугалимдердин милдеттери:

- педагогикалык этиканын нормаларын, билим берүүчү мекеменин Уставын сактоого жана аткарууга;
- окуучуларды жалпы мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык, билим берүү программалардын деңгээлиндеги материалдарды өздөштүрүүсүн камсыздоо;
- окуучулардын жүрүм-турум сапатын жогорку деңгээлде калыптандыруу, ишине болгон чыгармачыл мамиле кылуу, өз алдынчалыгын өстүрүү;
- билим берүү жааматындагы мамлекеттик милдеттерилген орган тарабынан бекитилген талапка ылайык, кызматына жараша квалификациялык талаптарга жооп берүү;
- ар дайым профессионалдык деңгээлин өркүндөтүү жана квалификациасын жогорулатуу;
- окуучуга карата моралдык жана физикалык жактан зомбулук көрсөтпөөгө.

8.18. Мугалимдер жана башка педагогикалык кызматкерлердин окуу жүктөлмөсүнүн көлөмү, окуу планы, программалары жана кадрлар менен камыздоо метептеги конкреттүү шарттарга жараша орнотулат. Жыл башында бекитилген окуу жүктөлмөсүнүн көлөмү жыл ичинде администрация тарабынан азайтылбашы керек. Айрым учурларда гана кокус, класстар жоюлуп кетсе, сааттар кыскартылышы мүмкүн.

8.19. Орто мектептин башка категориядагы персоналдарынын Укуктары жана милдеттери типтүү квалификациялык мүнөздөмөлөр менен аныкталат.

## 9. № 82 ЖББОМнин УЮШТУРУУЧУСУ

9.1. № 82 ЖББОМнин Жогорку башкаруу органы болуп Уюштуруучу эсептелет.

9.2. Уюштуруучунун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- № 82 ЖББОМнин Уставына толуктоолорду, кошумчаларды өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана Уставды бекитүүгө;

Сканировано с CamScanner

- № 82 ЖББОМнин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоо (анын ичинде, билим берүү), окутуу-тарбиялоо пландарын бекитүү жана алардын аткарылышынын отчетун алуу;

- № 82 ЖББОМнин бюджетке түшкөн жана сарпталган чыгымдарды акчалай каражаттар боюнча кварталдык, жылдык отчетторду алып туруу;

- № 82 ЖББОМнин ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алуу;

- ардактуу наам жана педагогикалык кызматкерлерди сыйлоо жөнүндөгү сунуштарды кароо;

- белгиленген тартипте филиалдарды түзүү жана жоюу, алар жөнүндө жоболорду бекитүү;

- № 82 ЖББОМ ишмердүүлүгүн токтотууга (кайра уюштурууга, жоюуга) байланыштуу маселелерди кароо;

- № 82 ЖББОМнин ишмердүүлүгүнүн баардык маселелерин кабыл алуу;

- №82 директорун кызматына дайындоо жана бошотуу.

9.3. № 82 ЖББОМти түздөн-түз башкарууну Уюштуруучу тарабынан дайындалган директор ишке ашырат. Жогорку башкаруу органынын өзгөчө компетенциясына таандык болгондордон тышкары, директор убактылуу жок болгон учурда анын милдетин мектептин орун басарлары жана педагогикалык персоналы аткарат. Окутуу-тарбиялоо, финансылык-чарбалык жана башка ишмердүүлүктөргө байланыштуу бардык иш-чараларын директор өз алдынча чечет.

## 10. № 82 ЖББОМнин ДИРЕКТОРУ:

10.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставка ылайык, ишеним катсыз, баардык органдарга, мекемелерде, ишканаларда № 82 ЖББОМнин атынан чыгат, № 82 ЖББОМнин эсебин ачат, келишимдерди түзөт, ишеним кат берет, ага менчик ээсинин макулдугу менен ыкчам башкаруу үчүн берилген мүлктү тактайт.

10.2. Бардык кызматкерлер үчүн милдеттүү болгон буйруктарды өз ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарат.

10.3. Биринчи класска электрондук каттоо менен окуучуларды кабыл алат.

10.4. Билим берүү башкаруусунун маалыматтык системасы менен иш алып барат.

10.5. № 82 ЖББОМнин кызматкерлерин жумуштан бошотууну жана жумушка кабыл алууну аткарат.

10.6. №82 ЖББОМнин педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик өсүүлөрүн жана чыгармачылыгын жогорулатып турууга, педагогикалык эксперименттерди ишке ашырууга, окутуу-тарбиялоодо алдыңкы ыкмаларды жана формаларын колдонууга шарт түзөт.

10.7. Уюштуруучунун макулдугу менен мектептин негизги өнүгүүсүнүн багыттарын аныктоону Педагогикалык кеңеш менен бирдикте аныктайт жана иш жүзүнө ашырат.

10.8. № 82 ЖББОМде коопсуздук шартын түзүү менен, материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча иш-чараны өткөрүп берүүнү, балдарды кабыл алууну, чыгарууну жана калыбына келтирүүнү ишке ашырат.

10.9. Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн тартибин жана шарттарын ыктыярдуу негизде аныктайт.

Окутуу-тарбиялоо иштери боюнча көзөмөл жүргүзүлөт.

Функционалдык милдеттерине ылайык башка фунцияларды аткарат.

10.10. Директор персоналдык жоопкерчиликти алат:

-мамлекеттик билим берүүчү стандарттын жана негизги билим берүүчү программалардын алкагында окуучулардын сапаттуу билим алуусу үчүн;

Сканировано с CamScanner

- программаларды жана окутуу-тарбиялоо пландарын ишке ашыруу үчүн;

- аккредитациянын жыйынтыгынын натыйжасы үчүн;

- бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү документтериндеги окуучулардын жеке маалыматтарынын тактыгы үчүн;

- билим берүү уюмунда өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден-соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өмүрлөрүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат.

- № 82 ЖББОМнин өздүк каражаттарын жана бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды бөлүштүрүү үчүн.

- №82 ЖББОМ педагогикалык кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана сапаты үчүн.

10.11. №82 ЖББОМнин окутуучулук, медициналык жана башкалардын ыйгарым укуктары Директор тарабынан функционалдык милдеттерге жана башка документтерге ылайык аныкталат.

10.12. № 82 ЖББОМнин Директору штаттык жүгүртмөнү бекитүү үчүн, Райондук билим берүү борборунун Директоруна жөнөтөт.

## 11. № 82 ЖББОМнин КООМДУК УЮМДАР ЖАНА БАШКА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ

11.1. №82 ЖББОМнин өзүн-өзү башкаруу формалары болуп: Педагогикалык кеңеш, Көзөмөлчүлүк кеңеши, Орто мектептин кеңеши (профилактика кеңеши) жана жалпы эмгек жамаатынын чогулушу саналат.

11.2. Көзөмөлчүлүк кеңеши – юридикалык жактын стутусуна ээ болбогон, мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес, коомдук уюм, билим берүү жаатында балдардын сапаттуу билим-тарбия алуусуна кызыктар болгондорду бириктирген уюм жана өз ишин ыктыярдуу негизде, Кыргыз Республикасынын "Камкорчулар кеңеши" жөнүндө мыйзамы жана Уставы менен ишин алып барат.

11.3. Окуу процессин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, мектепте мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү жана чыгармачылык жактан өсүү максатында, жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кызматкерлерин бириктирген коллегиалдуу орган - Педагогикалык кеңеш иштейт жана гимназиянын директору төрагалык кылат.

11.4. № 82 ЖББОМ педагогикалык кеңеши бардык педагогикалык кызматкерлерден турат. Педагогикалык кеңештин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- мектептеги билим берүү процессинин абалын, мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин, № 82 ЖББОМде ар бир окуучунун билим деңгээлин жана өнүгүүсүн диагностикалоо:

- билим берүү процессин өркүндөтүү жана анын жогорку сапатын камсыз кылуу менен байланышкан педагогикалык маселелерди чечүү;

- билим берүүнүн мазмунун, окутуу жана тарбиялоо иштеринин формаларын, ыкмаларын жана аларды ишке ашырууну талкуулайт жана тандоо жүргүзөт;

- окутуучу кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачыл демилгелерин өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат;

Сканировано с CamScanner

- окуучуларды кийинки класска өткөрүү, кийинки класска шарттуу которуу, ошондой эле окуучунун ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашуу менен, аны үй-бүлөлүк билим берүү түрүндө кайра тарбиялоого калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат;

- кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлыктар жана ардактуу наамдар менен сыйлоо, персоналдык стипендияларды белгилөө, ошондой эле аларга жөлөк пулдарды берүү жөнүндө сунуштар каралат.

11.5. №82 ЖББОМнин мугалимдер кеңеши директор тарабынан талапка ылайык чакырылат бирок бир чейректе бир жолудан кем эмес.

11.6. Илимий-методикалык кеңеши (мындан ары - Методикалык кеңеш) № 82 ОМнин эң тажрыйбалуу педагогикалык кызматкерлеринен, ошондой эле билим берүү жааматындагы илимий кызматкерлерден жана адистерден куралып, методикалык камсыздоону уюштуруу жана окуу процессин координациялоо, мугалимдер курамынын методикалык даярдыгы каралат. Методикалык кеңештин алдында предметтик, башка бирикмелер, топтор ж.б. түзүлүшү мүмкүн. Методикалык кеңештин компетенциясына кирет:

- № 82 ЖББОМнин окуу процессин жана усулдук ишин методикалык камсыздоонун абалын диагностикалоо;

- мугалимдердин чыгармачыл топторун жана башка бирикмелерин түзүү жана уюштуруу;

- окуутуу-тарбиялоо процессинде жана усулдук жактан окутуу иштерин камсыз кылуунун максаттарын жана милдеттерин калыптандыруу;

- профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуунун методдорун, мазмунун жана формаларын аныктоо;

- мугалимдер курамынын усулдук даярдыгын пландаштырууну, уюштурууну жана жөнгө салууну ишке ашыруу, бардык натыйжаларды талдоо жана баалоо;

- айрым мугалимдердин отчетторун угуу, алардын ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү;

11.7. Класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитеттери № 82 ЖББОМде коомдук уюмдар катары иштешет. Алар балдарды окутууда жана тарбиялоодо үй-бүлөнүн жана мектептин күч-аракеттерин бириктирүүгө жардам берет, социалдык жактан начар окуучуларды аныктоого жана коргоого көмөктөшөт.

11.8. Класстардагы ата-энелер комитеттери жалпы класстык ата-энелер чогулушунда шайланат, кеминде үч мүчөнүн өлчөмүндө түзүлөт. Жалпы класстык чогулушта жалпы мектептин ата-энелер комитетине бирден өкүл шайланат. Жалпы мектептин ата-энелер комитетинин төрагасы Педагогикалык кеңешинин мүчөсү боло алат.

11.9. Жалпы мектептик ата-энелер комитети:

- муктаж болгон окуучулардын тизмесин бекитет жана ар кандай формада материалдык жардам көрсөтүүгө катышат;

- зарыл болгон учурда, жалпы мектептер үчүн ата-энелер комитети коомдук фонд түзөт;

- № 82 ЖББОМнин коргоо жана аны күтүү үчүн ыктыярдуу төгүмдөрдү чогултуу зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алат;

- № 82 ЖББОМнин экономикалык жана билим берүү базаларын чыңдоого жардам берет;

- мектеп турмушунун маселелерин талкуулоо жана сунуш түрүндө чечим кабыл алуу;

- ата-энелер коомчулугун мектептин иштерине активдүү катышууга тартуу, № 82 ЖББОМде класска жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууга катышышат.

Сканировано с CamScanner

11.10. № 82 ЖББОМде окуучулардын өзүн-өзү башкаруу органдары жана окуучулардын уюмдары коомдук башталышта түзүлүшү мүмкүн. Окуучулар уюмдарынын өкүлдөрүн керектүү маалымат менен камсыз кылуу жана окуучулардын кызыкчылыктарына байланышкан маселелерди талкуулоодо №82 ЖББОМнин башкаруу органдарынын отурумдарына катышууга мүмкүнчүлүк берет.

## 12. КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ

12.1. № 82 ЖББОМнин уставдык максаттарына жана милдеттерине ылайык, ал өз ыктыярдуу (контракттык) негизде, жалпы билим берүүчү программалардын белгиленген ченемдеринен сырткары кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтө алат.

12.2. Кошумча билим берүү программаларынын жана кошумча билим берүү кызматтарынын, анын ичинде акы төлөнүүчү кызматтардын түрлөрү жана формалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мектепитин Уставында аныкталат.

12.3. №82 ЖББОМби төмөнкүдөй кошумча (ыктыярдуу акы төлөнүүчү) билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу:

- класстарда, ийримдерде жана көркөм-эстетикалык багыттагы секцияларда билим берүү;
- спорт секцияларында билим берүү жана окутуу;
- мектеп циклинин предметтери жана аларга байланыштуу эл аралык деңгээлдеги олимпиадаларга жана мелдештерге катышууга кошумча даярдык;
- студенттердин катышуусун жана ар кандай деңгээлдеги олимпиадалар менен мелдештерди координациялоо;
- ЖОЖдорго кабыл алууга даярдануу жана ЖРТ тапшыруу.

12.4. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түзүлгөн келишим, жамааттык же жекече сабактар, акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн негиз болуп саналат.

12.5. № 82 ЖББОМ көрсөткөн кошумча билим берүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын сапаты үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат.

12.6. Кошумча камсыздоодо катышкан окутуучулар курамынын ишине акы төлөө белгиленген талаптар жана ченемдер боюнча жүргүзүлөт.

12.7. Кошумча билим берүү кызматтары сабактардан тышкаркы учурда көрсөтүлөт (сабактан кийин, каникулда).

12.8. Кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

## 13. № 82 ЖББОМнин ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДИГИ

13.1. № 82 ЖББОМнин мүлкүнө төмөнкүлөр кирет:

- уюштуруучу тарабынан оперативдүү башкаруу укугунун негизинде берилген жана ага бекитилип берилген мүлк;
- бюджеттик менчиктөөлөр жана башка жергиликтүү жана республикалык бюджеттерден түшүүлөр жана бюджеттик эмес каражаттар;

Сканировано с CamScanner

- № 82 ЖББОМ тарабынан келишимдик негизде жумуштарды аткарууга жана акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө уруксат берилген иш-чаралардан алынган бюджеттен тышкаркы киреше каражаттары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган гранттар жана башка каражаттар;

- №82 ЖББОМ тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка негиздер боюнча алынган мүлк.

13.2. № 82 ЖББОМ мыйзамда белгиленген тартипте, ушул Уставда каралган ыктыярдуу негизде акы төлөнүүчү билим берүү, жана башка кызматтарды көрсөтүү, ошондой эле ыктыярдуу кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамы менен кошумча каржы булактарын өзүнө тартууга болот.

13.3. Билим берүү иш-чараларын каржылоо жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

13.4. № 82 ЖББОМ өзүнүн билим берүү жана агартуу ишин камсыз кылуу максатында ушул Уставга ылайык, тиешелүү органдар тарабынан менчик объектилерине (жер, имарат, курулуш, керектөөчү, социалдык, маданий жана башка мүлк) ээлик кылат.

13.5. Мүлктү ыкчам башкаруу укугун ишке ашырууда № 82 ЖББОМ төмөнкүлөргө милдеттүү;

- мүлктү натыйжалуу пайдаланууга;
- мүлктүн сакталышын жана пайдаланылышын белгиленген максатка ылайык камсыз кылуу;
- мүлктүн техникалык абалынын начарлашына жол бербөө;
- имараттарды жана жабдууларды учурдагы жана косметикалык ондоону жүргүзүү;

13.6. Берилген мүлктүн максаттуу пайдаланылышына жана сакталышына ыкчам башкаруу укугунун негизинде № 82 ЖББОМ мыйзамда белгиленген тартипте муниципалдык мүлк башкармалыгы көзөмөлдөйт.

13.7. Ыкчам башкаруу укугунда бекитилген мүлктү № 82 ЖББОМ өзүнүн ишинин максаттарына, уюштуруучунун дайындоосуна жана милдеттерине ылайык пайдаланат.

13.8. № 82 ЖББОМнен бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун багыттарын жана тартибин өз алдынча аныктайт.

13.9. № 82 ЖББОМ өз алдынча финансылык-чарбалык ишти жүзөгө ашырат. Тиешелүү органдар тарабынан ага бекитилген же анын менчиги болуп саналган № 82 ЖББОМнин каржы булактары, ушул Уставга ылайык, өз каалоосу боюнча № 82 ЖББОМби тарабынан пайдаланылат жана эгерде мыйзамда башкача каралбаса, алып коюуга болбойт.

13.10. № 82 ЖББОМнин эмгек акы фондусу учурдагы эмгек акы шарттары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун негизинде түзүлөт.

## 14. БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕП, ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ

14.1. № 82 ЖББОМнин иш-аракеттердин натыйжаларын статистикалык жана бухгалтердик эсепке алууну райондук билим берүү борборунун борборлоштурулган бухгалтериясы аркылуу жүргүзөт.

14.2. № 82 ЖББОМнин Отчеттуулугу мамлекеттик жана коомдук уюмдардын талаптарына ылайык берилет.

14.3. № 82 ЖББОМнин ишин контролдоо жана № 82 ЖББОМнин финансылык-чарбалык ишин кайра карап чыгуу Уюштуруучу тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Сканировано с CamScanner

14.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкары каражаттарды чыгымдоо боюнча мектепте бир жылда бирден кем эмес коомдук угуулар өткөрүүлөт.

## 15. № 82 ЖББОМти КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ

15.1. № 82 ЖББОМ ишмердүүлүгүн токтотуу кайра уюштуруу же жоюу түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

15.2. № 82 ЖББОМнин ишмердүүлүгүн токтотуу:

- Уюштуруучунун чечими менен (Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы);
- сот бийлигинин чечими менен;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча.

15.3. Кайра уюштуруу жолу менен № 82 ЖББОМнин иши токтотулганда, № 82 ЖББОМнин укуктары менен милдеттеринин укуктук мураскерлиги Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык келип чыгат.

15.4. № 82 ЖББОМин өзгөртүп түзүүдө бардык документтер (жетекчилик, каржы-экономикалык, кадрдык ж.б.) белгиленген эрежелерге ылайык мекемеге - укук мураскоруна өткөрүлүп берилет.

15.5. № 82 ЖББОМби жоюлган учурда, Уюштуруучунун (Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы) же жоюуга укуктуу башка органдын чечими менен № 82 ЖББОМин жоюу тартибин жана мөөнөттөрүн аныктаган жоюу комиссиясы дайындалат.

15.6. Жоюу комиссиясы дайындалган учурдан баштап, № 82 ЖББОМнин органдарынын анын мүлкүн ажыратууга же карыздарды төлөөгө багытталган бардык актылары, жоюу комиссиясынын макулдугу менен өндүрүүчү тарабынан жүргүзүлөт.

15.7. Жоюу комиссиясы активдерди баалайт, кредиторлорду аныктоо жана дебитордук карыздарды алуу боюнча бардык чараларды көрөт, ошондой эле № 82 ЖББОМнин кредиторлоруна, кредиторлор тарабынан талаптарды коюунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.

15.8. Насыя берүүчүлөр тарабынан талаптарды берүү мөөнөтү аяктагандан кийин, жоюу комиссиясы аралык балансты түзөт, андан кийин Уюштуруучуга же юридикалык жакты жоюу жөнүндө чечим кабыл алган органга бекитүүгө берилет.

15.9. Жоюлуп жаткан № 82 ЖББОМнын кредиторлоруна акча суммаларын төлөө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген артыкчылыкка ылайык жүргүзүлөт.

15.10. Кредиторлор менен эсептешүүлөр аяктагандан кийин, жоюу комиссиясы Уюштуруучунун бекитүүсүнө берилген жоюу балансын түзөт. Жоюлган № 82 ЖББОМнин мүлкү муниципалдык менчик бойдон калат.

15.11. № 82 ЖББОМ жоюлганда архив органдарынын талаптарына жана "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" мыйзамга ылайык бардык документтер сактоого өткөрүлүп берилет.

15.12. Каттоочу орган тиешелүү буйрук чыгарган учурдан тартып № 82 ЖББОМби жоюлган деп эсептелет.

Сканировано с CamScanner

## 16. УСТАВГА ТҮЗӨТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ ЖАНА АКЫРКЫ ЖОБОЛОР

16.1. Ушул Уставга киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор № 82 ЖББОМнин жогорку башкаруу органы тарабынан бекитилет жана мыйзамда белгиленген тартипте катталууга тийиш.

16.2. Ушул Уставга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор мамлекеттик кайра каттоодон өткөн учурдан тартып гана күчүнө кирет.

16.3. Ушул Уставда чагылдырылбаган № 82 ЖББОМнин ишине байланыштуу маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**Мектептин директору:** **Исраилова А.Н.**

Сканировано с CamScanner